## (Кыргызча, Kirgisisch, Kirghiz)

# Мен асманга кантип кире алам? [1]

**Жашоосунун акыры жөнүндө ойлонгон ар бир адамда түбөлүк өмүр тууралуу суроо болот.**

Жаш кезинде "башка планеталык" фантастикалык фильмде башкы ролду ойногон Дрю Бэрримор азыр 28 жашта (1975 жылы төрөлгөн). Ал жакында эле мындай деди: "Эгер мен мышыгымдан мурдараак өлсөм, менин күлүмдү ага жегизгиле. Мен мышыктын ичинде бир аз болсо да жашап турайын". Өлүм тууралуу мындай кыска түшүнүк коркунучтуу эмеспи?

Ыйсанын учурунда Ага көп адамдар келишкен. Алардын муктаждыктары дайыма жердеги нерселер менен байланыштуу болчу:

- Пес оорулуу он адам айыгууну каалаган (Лука 17:13)
- Сокурлар көрүүнү каалашкан (Матай 9:27)
- Мурас бөлүштүрүү боюнча суроодо бир адам Ыйсадан жардам күткөн (Лука 12:13,14)
- Фарисейлер Ыйсаны сөзүнөн кармоо үчүн Рим падышасына салык төлөө туура же туура эмес экенин билүүнү каалашкан (Матай 22:17).

**Асманга кантип кирүү керектигин билүү үчүн Ыйсага аз эле адамдар кайрылышкан**. Бир бай, жаш жигит Андан мындай деп сурады: ***"Жакшы устат! Түбөлүк өмүргө ээ болуш үчүн эмне кылышым керек?"*** (Лука 18:18).

Ыйса ага анын жүрөгү байланган нерселердин баарын сатып, Аны ээрчүү керектигин айтты. Ал жигит өтө бай болгондуктан, бул кеңешти четке какты. Ал асманга кирүүдөн баш тартты. Асманды таптакыр издебеген да адамдар болгон. Бирок Ыйса менен болгон жолугушуудан кийин асманды көздөй бет алгандар да болгон. Закай Ыйсаны жөн эле көрүүгө умтулган. Бирок, ал күткөн нерсесинен да башка нерсеге ээ болду. Ыйса Закайдын үйүнө конокко келгенден кийин, ал асманды тапты. Ыйса мындай деди: ***"Бүгүн бул үйгө куткарылуу келди"*** (Лука 19:9).

## Асманды кантип табууга болот?

Жогоруда айтылгандардан улам төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

- Асман Падышачылыгын табууга болот. Бул нерсени билип алган жакшы. Анткени сиз үчүн, урматтуу окурман, бүгүн Кудай менен элдешип, түбөлүк өмүрдү алуу мүмкүнчүлүгү бар.
- Асман Падышачылыгына ээ болуу кандайдыр бир жакшы иштерди аткарууга байланыштуу эмес.
- Асман Падышачылыгын эч кандай даярдыксыз эле табууга болот.

Эгерде биз асманга кирүү үчүн Кудайдын сөздөрүнө негизделбеген аракеттерди көрүп жатсак, анда бул туура эмес. Бир ырчы көп жылдар бою циркте иштеген клоун жөнүндө мындай деп ырдаган: "Ал сөзсүз бейишке кирет, аткени ал

[1] Übersetzung des Traktates „Wie komme ich in den Himmel?" ins Kirgisische.
Homepage des Autors: www.wernergitt.de

көп адамдарга кубаныч тартуулайт”.

Бир бай аял 20 жакыр аял бекер жашай турган үй курдуруп, аялдарга төмөндөгүдөй шарт коет: Бай аялдын жанынын куткарылышы үчүн алар күнүгө бир саат сыйынуулары керек эле.

Биз чындыгында асманга кантип кире алабыз? Бул суроого так жана ачык жооп берүү үчүн Ыйса төмөндөгү үлгү–насаат аңгемени айткан. Лука жазган Жакшы Кабардын 14-бөлүмүнүн 16-аятында чоң той (той–асманга салыштырылат) жасай турган бир киши (киши–Кудайга салыштырылат) тууралуу айтылат. Ал көп адамдарга жекече чакыруу кагаздарын таратат. Бирок сүйлөшүп алгансып баары тең кечирим сурай башташат. Алардын бири ага: “Мен жер сатып алдым эле..., экинчиси болсо: мен өгүз сатып алдым эле..., үчүнчүсү: мен жаңы эле үйлөндүм, ошондуктан бара албайм” дешет. Ыйса үлгү–насаат аңгемесин чакыруучунун сөзү катары аяктайт: **“Анткени силерге айтып коеюн, мурунку чакырылгандардын эч кимиси менин кечки тамагымдан даам татпайт”** (Лука 14:24).

Асманга кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло аларыбызды же аны жогото аларыбызды бул нерседен ачык көрүүгө болот. Эки гана нерсе бар: чакырууну кабыл алуу же четке кагуу. Мындан башка жөнөкөй жол болобу? Көп адамдардын асманга кирбей калышы, алардын кандай жол менен барууну билбегендигинен эмес, алардын чакырууну кабыл албагандыгынан. Үлгү–насаат аңгемеде айтылган чакырууну кабыл албай, тойго келбеген адамдардай болбошубуз керек. Аларсыз той болбой коймок беле? Жок! Чакырылгандардын тойго келе албай тургандыктарын билгенден кийин үй ээси чакыруу кагазын бардык элдерге таратты. Ал чакыруу кагазын мурдагыдай кылып коздоп жасаган жок. Ал “келгиле” деген эле жөнөкөй сөз жазып койду. Бул чакырууну уккан ар бир адам тойдон орун алат. Эми эмне болду? Элдер топ–топ болуп келе баштады. Бир канча убакыттан кийин үй ээси конок үйдө отурган элдерди карап, дагы бош орундар бар экенин көрдү да, кулдарына мындай деди: “Баргыла, дагы чакыргыла!”.

Бул үлгү–аңгеме биздин бүгүнкү абалыбызды көрсөткүсү келет. Асманда дагы бош орундар бар. Кудай сага мындай дейт: “Кел, асмандан өзүңдүн ордуңду ал. Акылдуу болуп, азыртан эле өзүңдүн асмандагы ордуңду ээле!”.

Асман сүрөттөлгүс кооз болгондуктан Ыйса аны эң чоң той менен салыштырат. Корунттуктарга жазылган биринчи каттын 2-бөлүмүнүн 9-аятында мындай деп жазылат: ***“Кудай Өзүн сүйгөндөргө көз көрбөгөн, кулак укпаган, адамдын оюна да келбеген нерсени даярдап койгон.”*** Жер бетинде асман менен кичине да болсо салыштыра ала турган эч нерсе жок.

Ал жердин канчалык сонун экендигин биз элестете албайбыз! Асманга баруу баалуу болгондуктан биз бул мүмкүнчүлүктү кое бербешибиз керек. Кудай уулу Ыйса биз үчүн асманга эшик ачты. Ал жакка кирүү үчүн бизге оңой жол бергендигине Ага ыраазычылык келтирсек болот. Эми бардыгы биздин каалообуздан көз–каранды. Ким үлгү–аңгемедеги үч кишиге окшош болсо, ал чакырууну укпайт.

## Куткарылуу Ыйса Теңир аркылуу берилет

Элчилердин иштери китебинин 2-бөлүм, 21-аяттынан төмөндөгү маанилүү сөздөрдү окуйбуз: ***“Теңирдин (Ыйсанын) ысымын чакырган ар бир адам куткарылат!”.*** Бул Жаңы осуяттагы эң маанилүү аят. Элчи Пабыл Филиппи шаарында түрмөдө болгондо, күзөтчү менен сүйлөштү. Пабыл ага мындай деди:

***“Теңир Ыйса Машайакка ишен, өзүң да, үйүңдөгүлөр да куткарылат”*** (Элч. ишт. 16:31). Бул сөз кыска жана так, бирок жашоону өзгөртөөрлүк мааниси бар. Ошол эле түнү түрмө күзөтчүсү Кудайга кайрылды.

Ыйса эмнеден куткара алат? Ал түбөлүк тозок менен аяктай турган жолдон куткараарын сөзсүз билишибиз керек. Ыйык Жазуу бейиш түбөлүк боло турган сыяктуу эле, тозок да түбөлүктүү экендигин айтат. Биринчи жеринде эң сонун, ал эми экинчисинде коркунучтуу. Үчүнчү жер жок! Өлгөндөн 5 мүнөттөн кийин өлүм менен баары бүтүп калат деп эч ким айта албайт. Бардык нерсе Ыйса Машайак аркылуу чечилет. Биздин кайда болоорубуз Андан жана Аны менен болгон мамилебизден көз–каранды.

Мен Польшага лекция окуганы барганда мурдагы концентрациялык лагерь Освенцимге (Польшадагы концентрациялык лагерлер жайгашкан жер) бардым. Ата мекендик согуш учурунда ал жерде коркунучтуу окуя болгон. 1942-жылдан 1944-жылга чейин ал жерде 1,6 миллион адам, көбүнчө еврейлер газ менен ууландырылып, өрттөлгөн. Адабиятта ал “Освенцим тозогу” деп айтылат. Топтун жетекчиси бизге 600 адам бир убакта өлтүрүлгөндүгү жөнүндө айтып жатканда, мен бул аталыш тууралуу ой жүгүрттүм. Бул нерсе чындап эле тозок болгонбу?

Биз бүгүнкү күндө газ бөлмөнү карап чыга алабыз, анткени 1944-жылдан бери эч ким ууландырылбайт жана өлтүрүлбөйт. Освенцимдеги газ бөлмөсү убактылуу эле болгон, ал эми тозок түбөлүктүү.

Менин көзүм музейге кире бериш жердеги бир сүрөткө кадалды. Ал сүрөттө айкаш жыгачта кадалган Ыйса тартылган экен. Бир зындандагы адам мык менен дубалга өзүнүн үмүтүн тартыптыр.Ошол сүрөтчү да ушул газ бөлмөсүндө өлгөн. Бирок, ал Куткаруучу Ыйсаны билген. Ал коркунучтуу жерде өлгөн, бирок ал үчүн асман ачык болгон. Жаңы Осуятта Ыйса Теңир тозоктон качышыбызды эскертет (М: Матай 7:13; 5:29-30; 18:8). Ал эми, ал жерге келгенде эч кандай куткарылуу болбойт. Освенцимге салыштырмалуу тозок түбөлүк “иштейт” жана ага кыска саякат жүргүзүүгө мүмкүн эмес.

Асманда да түбөлүк жашоо бар. Кудай бизди ал жакка алып барууну каалайт. Теңирдин ысымын чакыргыла, ошол аркылуу асмандагы орунга ээ болосуңар!

Бир жолу докладдан кийин бир аял мындай деп сурады: “Асмандан алдын ала орунээлеп коюуга мүмкүнбү? Бул нерсе саякат бюросуна окшош экен”. Мен аны туура көрдүм: “Ким эртерээк орун ээлеп койбосо, ал максатына жетпейт. Эгер сиз Гавайи аралына барышыныз керек болсо, сөзсүз белет аласыз да”. Ал мындай деп жооп берди: ”Бирок, белетке акча төлөө керек да?!”
–“Ооба, асманга барышыңыз үчүн да белетке акча төлөшүңүз керек! Бирок ал белет кымбат тургандыктан, аны эч ким төлөй албайт. Күнөө-бул асманга бара турган жолдогу тоскоол. Ал эми Кудай асманда эч кандай күнөөнү жактырбайт. Ким бул жашоодон кийин өмүрүн асманда, Кудайдын жанында өткөрүүнү кааласа, ал биринчиден күнөөсүнөн бошонушу керек. Ал боштондукту күнөөсү жок, адам болуп жерге келген Ыйса Машайак гана берет. Ал биздин күнөөлөрүбүздүн кунун, өзүнүн каны жана айкаш жыгачтагы өлүмү аркылуу төлөгөн.

## Асманга киришим үчүн эмне кылышым керек?

Кудай куткарылууга болгон чакыруусун бизди көздөй да багыттайт. Библиядагы көп жерлерде биз Кудайдын чакыруусун угушубуз керек экендиги тууралуу жазылган:

- ***“Тар эшиктен кирүүгө аракеттенгиле!”*** (Лука 13:24).
- ***“Тобо кылгыла! Анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды”*** (Матай 4:17).
- ***“Тар дарбаза аркылуу киргиле. Анткени кең дарбаза менен кенен жол өлүмгө алып барат, ал жолдо бара жаткандар көп. Ал эми тар дарбаза менен тар жол өмүргө алып барат, ал жолду тапкандар аз”*** (Матай 7:13-14).
- ***“Түбөлүк өмүрдү бек тут, анткени сен ошого чакырылгансың”***

  (1 Тим.6:12).
- ***“Теңир Ыйса Машайакка ишен, ошондо сен куткарыласың”***

  (Элч. ишт. 16:31).

Бул бардык чакыруулар конкреттүү жана бекем. Бул тексттеги чакыруулардан олуттуулук, чечкиндүүлүк жана кийинкиге калтырбоо милдети сезилет. Бул чакырууга болгон туура жооп болжол менен төмөндөгүдөй сыйынуу менен коштолот:

“Ыйса Теңир, мен бүгүн сен аркылуу гана түбөлүк өмүрдү ала алатургандыгымды окудум. Мен качандыр бир кезде сени менен чогуу асманда болгум келет. Күнөөлөрүм аркылуу түшө турган тозоктон мени куткар. Анткени сен мени сүйгөндүктөн мен үчүн айкаш жыгачта өлгөнсүң жана менин күнөөлөрүм үчүн жаза төлөп койдуң. Сен менин бала кезимден берки кылган күнөөлөрүмдү билесиң. Менин билип кылган жана эчак унутуп койгон күнөөлөрүм да сага белгилүү. Менин жүрөгүмдөгү ар бир кыймыл да сага белгилүү. Сенин алдыңда мен ачылып турган китептеймин. Мен азыр кандай болсом, ушул бойдон Сага Асманга бара албайм. Мен Сенден менин күнөөлөрүмдү кечиришиңди суранам. Сен менин жашоомо кир жана мага жаңы жашоо бер. Сенин алдыңда туура эмес нерселердин баарын Сенин алдыңа алып келем жана мага бата алып келе турган жаңы табият беришиңди суранам. Сенин сөзүң болгон Библияны түшүнүүгө жардам бер. Сен мага эмне айтаарыңды түшүнүүгө, Сага эмне жагаарын аткарууга даяр турган жүрок беришиңди суранам. Ушул сааттан баштап Сен менин Теңирим бол. Мен Сени ээрчигим келет, мен бара турган жолду мага көрсөтүп бер. Сен менин сыйынуумду уккандыгың үчүн, мен Кудайдын баласы болуп калгандыгым үчүн жана Сени менен чогуу Асманда боло тургандыгым үчүн Сага ыраазычылык келтирем. Оомийин”.

Технология илимдеринии доктору, профессор: *Вернер Гитт.*

Кыргыз тилине которгон: *Фарида Сатыбекова*